УДК 371.378.4

**Аманова А.О.**
И. Арабаев атындагы КМУнун педагогика кафедрасынын магистранты
**Аманова А.О**
Магистрант кафедры педагогики КГУ им. И. Арабаева
**Amanova A.O**
Master student of the Department of Pedagogy, KSU named after I. Arabaeva

# МЕКТЕПТИН ЧЕТ ТИЛИ САБАГЫ БОЮНЧА ОКУУ ПРОГРАММАСЫНДА КЕСИПТИК БАГЫТ БЕРҮҮ МАСЕЛЕСИНИН БЕРИЛИШИ

# ВОПРОСЫ ПРОФЕССИОНАЛЬНОЙ ОРИЕНТАЦИИ ШКОЛЬНИКОВ В УЧЕБНОЙ ПРОГРАММЕ ПО ИНОСТРАННОМУ ЯЗЫКУ

# QUESTIONS OF VOCATIONAL GUIDANCE OF SCHOOLCHILDREN IN THE CURRICULUM IN A FOREIGN LANGUAGE

**Аннотация**: Макалада мектеп окуучуларынаа кесиптик багыт берүүнүн маселеси каралган. Мектептин чет тили предметинин окуу программасында кесиптик багыт берүү маселесинин берилиши талданып, аны ишке ашыруунун жагдайлары берилген.

**Аннотация:** В статье рассмотрены вопросы профессиональной ориентации школьников. Анализированы возможности профориентации школьной учебной программы по иностранному языку и пути их реализации.

**Resume:** The article deals with the issues of vocational guidance of schoolchildren. The possibilities of vocational guidance of the school curriculum in a foreign language and the ways of their implementation are analyzed.

**Түйүндүү сөздөр:** чет тили, окутуу, тарбиялоо, кесип, кесипке багыт берүү, программа, билим, билгичтик, көндүм, сабак.

**Ключевые слова**: иностранный язык, обучение, воспитание, профессия, профессиональная ориентация, знание, умения, навыки.

**Key words:** foreign language, training, upbringing, profession, professional orientation, knowledge, abilities, skills.

Азыркы кездеги коомдогу өзгөрүүлөрдү эске алуу менен мектеп окуучуларын кесип тандап алууга даярдоо мектептин маанилүү милдеттери-нин бири болуп саналат. Кыргыз Республикасында мектеп окуучуларына кесиптик багыт берүүнүн концепциясында (2016-ж.) жана өлкөбүздүн билим берүү системасын модернизациялоого багытталган стратегиялык документ-терде өлкөнүн квалификациялуу даярдыгы бар кадрларга муктаждыгын эске алуу менен мектепте кесиптик багыт берүү иштерин өркүндөтүүнүн маселе-лери баса белгиленген[3]. Мына ушул маселени чечүүдө мектептеги чет тили сабагынын ролу улам барган сайын өсүүдө. Бул чет тили сабагынын статусу төмөндөгү факторлор менен шартталган:

– өлкөнүн бүткүл дүйнөлүк соода уюмуна, билим берүү мейкиндигине кошулушу;

– Кыргызстандын дүйнөнүн көп өлкөлөрү менен экономикалык, саясий жана маданий байланыштарынын кеңейиши;

– өлкөнүн атуулдарынын азыркы кездеги маалыматтык технологиялар-дын жардамы менен ар түрдүү тармактагы дүйнөлүк жаңылыктар менен таанышып турушу;

– Кыргызстандын жаштарынын чет өлкөлөргө миграцияланышы;

– Мектепти бүтүрүүчүлөрдүн дүйнөнүн алдыңкы окуу жайлардан били алууга умтулуусу;

– эмгекти уюштуруунун жаңы шарттары адистерден чет тилин билүүнүн зарылдыгын пайда кылышы ж.б.

Окумуштуу М.Л. Вайсбурд англис тили сабактары мектеп окуучу-ларына кесиптик багыт жана тарбия берүүгө чоң салым кошкон окуу пред-мети катары натыйжалуу каражат болуп санала тургандыгын баса белги-леген[2]. Себеби, бул предмет өзүнүн предмет аралык байланышты камты-гандыгы, көп функционалдуулугу, көп деңгээлдүүлүгү менен мүнөздөлөт.

Башка предметтерге караганда чет тилин окутуунун бир катар өзгөчөлүктөрү бар. Жөн эле аглис тилин үйрөнүү абдан чоң жумуш, системалуулукту, чыдамкайлыкты жана таанып билүү процессинин жогорку деңгээлде өнүгүшүн талап кылат. Мына ушуга байланыштуу англис тилин окутуунун максаты окуучунун өздөштүргөн билимин келечектеги тандап ала турган кесибине карата колдоно билүүнүн коммуникативдик компетен-циясын калыптандыруу болуп саналат[1;5; 6.].

Республикабыздын мектептеринде топтолгон тажрыйбаларды талдоо коомубуздун чет тилдерине болгон керектөөлөрү чет тилинин статусун улам барган сайын жогорулатып жаткандыгын көрсөтүүдө. Эгерде мектепте чет тилин окутуу 10-15 жыл мурун 5-класстан баштап окутса, бүгүнкү күндө үчүнчү класстан баштап окутула баштады. Мектеп программасы инсанга багытталган, коммуникативдик, когнитивдик, социомаданияттык мамиле жасоону ишке ашырууга, кнсип тандоодо мааниге ээ болгон түйүндүү компе-тенцияларды (маалыматтык, социалдык-коммуникативдик, өзүн уюштуруу жана көйгөйдү чечүү). калыптандырууга багытталган. Азыркы кезде балдарга чет тилин үйрөтүү маселеси мектепке чейинки мекмелерде дагы өзгөчө көнүл бөлүнө баштады.

Мектепте чет тили сабагында жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стан-дартына ылайык 3-класстан баштап окутулат. Мына ушул алгачкы этаптан баштап эле кесипке багыт берүү ишинин элементи башталат. Жалпы билим берүүчү мектептин 3-11 класстарынын англис тили боюнча программасында (А.А.Жолчиева, Фатиева А.Г, Цуканова Н.Э., Абдышева Ч.А) төмөндөгүдөй темалар окуу эмгек чөйрөсүндөгү ситуацияларга үчүн төмөндөгүдөй темалар каралган [4].

**3- класста** окуучулар окуган мектеби, үй-бүлөсү, үй жаныбарлары, адамдын тулку бою, жашылча-жемиштер, гүлдөр, убакыт, айлар, жыл мезгили, окуп жаткан тилдин өлкөсү жөнүндөгү материалдар менен тааанышышат.

**4-класста** жуманын күндөрү, майрамдар убакытты аныктоо, кийимдер, транспорттун түрлөру, багыттар (түндүк, түштүк, батыш. чыгыш), саясий георгафия, физикалык география**,** окуп жаткан тилдин өлкөсү жөнүндөгү материалдар, тамактын түрллөрү.

**5- класста** жогорудагы түшүнүктөр кенейтилип, айыл чарбасы, искусство, аалам жана адам, интернет коопсуздук эрежелери, үй жумуштары жөнүндөгү материалдар берилген.

**6- класстын** программалык материалына түздөн-түз кесип, кесиптик кызыгуу, келечектеги кесиптик план жөнүндөгү темалар киргизилген.

**7-9-класстардын** материалында атайын кесип тандоо проблемасы жана чет тилинин адамдын турмушундагы ролу деген темалар берилген.

**10-11- кластын** программасында кесиптик багыт берүү маселеси арналган материалдар окуу- эмгектик сфера деп аталган блокто чагылдырылган. Бул блокто азыркы кездеги кесиптер дүйнөсү, жогорку окуу жайларда билимин улантуунун мүмкүнчүлүктөрү, келечектеги эмгек чөйрөсүн жана кесиптик иш аракетин тандоонун проблемасы, кесиптер, жакынкы жана келечектеги планы каралган. мына ушул жерде эл аралык байланышта чет тилинин ролу жана анын кесип тандоодогу мааниси ачып көрсөтүү чагылдырылган.

Мектеп программасын талдоо чет тили сабагында башталгыч класстан баштап эмгек чөйрөсү, кесип жана аны тандоо маселелери жогорку класска чейин акырындык менен өнүктүрүлө тургандыгын көрүүгө болот. Ал эми 10-11- класстарда кесиптик маалымат берүү өзүнө кесиптер дүйнөсү жөнүндөгү материалдар кеңейтилип, нсандык жана кесиптик маанилүү сапаттар, окуу жайлардын системасы жана кесипке ээ болууну жолдору, коомдун квалифи-кациялуу кадрларга муктаждыктары жөнүндөгү материалдарды камтыйт. Сабактарда кесип тандоодо мааниге ээ боло турган социалдык-тиричилик жана социалдык маданий чөйрө жөнүндөгү материалдарды окутууда ушул чөйрөдөгү кесиптер жана алардын коомдогу ролу тууралуу кеңири маалыматтарды ала алышат. Мына ушул материалдарды окутууда окуучулардын кызыгуусун, кесиптик каалоосун өнүктүрүүгө көңүл бөлүп, аны тандоонун мамиле мотивин калыптандыра алабыз

1. Чет тилин окутуунун алгачкы этабында окуучулардын ой жүгүр-түүсүнүн тибин (лингивистикалык, визуалдык, музыкалык, иликтөөчүлүк) кызыгуусун, иш аракетинин үстөмдүк кылган жактарын аныктоо керек. Мугалим ушуларды аныктагандан кийин окуу процессинде алардын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүсү керек. Окуучунун үстөмдүк кылган ой жүгүр-түүсүнүн тиби кесип тандоосунун негизги багыты болуп сагалат.
2. Жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын негизги составдык бөлүгү-рефлексия болуп саналат. Ар бир сабак өзүнө талкуулоону, сабактын ар бир этабын жана иш аракетинин түрүн талдоо менен кайра байланышты ( артка) өзүнө камтыйт. Бул окуучунун өзүнүн иш аракетин аң сезимдүүталдоосун, жана баалоосун калыптанышына мааниге ээ болот. Мына ошондуктан окуучунун окуу жана таанып билүү иш аракеттери ушул жол аркылуу өтүшү зарыл.
3. Азыркы кездеги чет тилди окуутуунун негизги принциби-бул ийгиликтүүлүк ситуациясын түзүү. Окумуштуу эксперттердин пикири боюнча азыркы мектеп окуучуларынын ийгиликке умтулуусу форсайт ((алдын ала көрө билүү, келечекке кароо) технолдогияны колдонууга байланыштуу болот. Анын жардамы менен окуучу келечектеги кесибин аныктоого умтулат. Анткени, форсайт технология төмөндөгүдөй прин-циптерге таянат:

– келечектеги ийгилик өзүңдүн иш аракетине байланыштуу болот;

– келечектеги ийгилик өзүңдүн чечимиңе жана кызыктар болгон тараптын чечимине байланыштуу;

– келечекти толук так айтууга болбойт, бирок алдын ала болжолдоого болот.

Кыргызстан үчүн мектепте англис тилинин каражаты менен жогорку класстын окуучуларына кесипке багыт берүү салыштырмалуу жаңы багыт десек жаңылшпайбыз. Анткени, мына ушул аспектиде жарыяланган олуттуу эмгектерди, диссертациялык изилдөөлөрдү жолуктура албадык. Чет тили сабагы башка тилди үйрөтүү менен гана чектелбестен, окуучунун азыркы кездеги кесиптер дүйнөсүндө багыт алуусуна, келечектеги кесибине керек болгон кесиптик төмөндөгүдөй сапаттарынын калыпт-нышына жардам берет:

– кесипти кызыгуусун, жөндөмүн, шыгын өнүктүрүү;

– активдүүлүгүн, аң сезимдүүлүгүн, өз алдынчалыгын, эмгекти сүйүүсүн; – окуу билгичтигин өркүндотүүгө, китеп менен иштей билүү;

– атайын коммуникативдик көндүмдөргө ээ болууга;

– кесиптик иш аракеттин түрөрү менен таанышууга;

– кесиптик өзүн аныктай билүү милдетин чечүүгө.

Окуучулардын 3-9- класстарда алган алгачкы билиминин негизинде окуу программасына ылайык 10-11- класстарда алардын керектөөлөрүн эске алуу менен речтик, социо-маданияттык, компенсатордук, окуу-таанып билүү-чүлүк, компетенцияларын калыптандыруу ишке ашырылышы керек. Неги-зинен социалдык-турмуш тиричиликтик, социомаданияттык жана окуу эмгектик сфераны камтыган окуу программасынын мазмуну сабактарда кесиптик багыт берүү проблемаы чечүүгө жардам берет.

Чет тили сабагында окуучуларга кесиптик багыт берүү сабактарды. сабактан тышкаркы иштерде. ар түрдүү иш чараларда ишке ашат.

Сабак окутуунун негизги формасы болгондуктан анын жүрүшүндө окуучуларды кесиптер дүйнөсү жөнүндөгү түшүнүктөрүн бир кыйла терең-детип, алардын келечектеги кесибин тандоо проблемасын чечүүгө жардам беребиз. Чет тили сабагында 10-11 класстарда окуучулар үчүн актуалдуу болгон суроолорду колдонуу алардын таанып билүү активдүүлүгүн актив-дештирүүгө, өз алдынчалыгын калыптандырууда аларды иликтөөчүлүк жана долбоорлоочулук иш аракеттерге кошууга, мүмкүнчүлүк түзөт. Ал сабак-тан тышкаркы иштерде окуучулардын окуу процессинде алган маалымат-тары бир кыйла тереңдетилет. Мектеп практикасында бул багытта аңгеме-лешүүлөр, лекциялар, жолугушуулар, .диспуттар жана башка формалар кеңири колдонулат.

Демек, Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринин чет тили боюнча түзүлгөн окуу программасында окуучуларга кесиптик багыт берүү маселесин ишке ашырууга кеңири мүмкүнчүлүктөр каралган.

**Колдонулган адабияттар**:


1. Бим, И.Л. Основные направления организации обучения иностранным языкам на старшей ступени полной средней школы [Текст] / И.Л.Бим // // Иностранные языки в школе. – 2002. – №5. – с.7-8.
2. Вайсбурд, М. Л. Преподавание иностранного языка в свете основных направлений реформы школы [Текст]/ М.Л. Вайсбурд // Иностранные языки в школе, 2008, №2.]
3. Концепция развития системы профессиональной ориентации молодежи Кыргызской Республики. Утверждена от 28 сентября 2016 г. МОиН КР.http:kg. akipress. org/ news: 13404187ө portal&placeөlast&fөcp
4. Программма по английскому языку для 111-Х1 классов обще-образовательной школы. Бишкек .2017
5. Миролюбов, А.А. Изучение иностранных языков в школе: новые перспективы[Текст]/А.А. Миролюбов. //Педагогика.- 1998.- №1.- С.45 48.
6. Родионова И.В., Титова О.А. Специфика мотивационной основы обучения иностранному языку взрослых // Актуальные проблемы германистики, романистики и русистики: материалы ежегодной международной конференции. Екатеринбург, 5 февраля 2016 г. [Текст] / Урал. гос. пед. ин--т. – Екатеринбург, 2016. – Ч.II. – С. 92-98.].

**Рецензент: п.и.к., доцент Усенгазиева Г.С.**